**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОҢ РАЙОНУ**
**БОЛОТ МАМБЕТОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**БОЛОТА МАМБЕТОВА**

---

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын IV сессиясы**

## Токтом

**2025-жылдын 11-марты №46** **Төрт-Күл айылы**

**Келечектеги “Калктуу конуш” категориясындагы жерлерди турак жай салуу үчүн ар бир жаранга 0,10 га дан жер аянтын бөлүп берүү жөнүндө**

---

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын “Бюджет Кодексине” жана “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамдарына ылайык, Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу, муниципалдык менчикти башкаруу боюнча башкы адис К.Казаковдун маалыматын угуп, талкуулап жергиликтүү Кеңештин сессиясы **токтом кылат**:

1. Мурунку Төт-Күл айыл өкмөтүндө 0,10 га; 0,15 га; 0,20 га жана 0,25 га жерлер берилип жүргөндүгү аныкталган.

2. Болот Мамбетов айыл аймагына караштуу айылдарда турак жай салуу үчүн арыз жазып кайрылган жарандарга 0.25, 0.15, 0.10 га жер аянттары бөлүнүн берилип келсе, мындан ары бардык айылдарга турак жай салуу үчүн бардык жарандарга 0,10 га жер аянттары бөлүнүп берилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышы Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Кылжыровго милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Болот Мамбетов жергиликтүү Кеңешининин жер жана агрардык маселелер, өнөр жай, курулуш, жол, ЖКХ элге кызмат көрсөтүү боюнча комиссиянын төрагасы С.Карымшаковго тапшырылсын.

**Төрага** **М.Жунушалиев**